**Кыргыз-Өзбек университетинин**
**Көзөмөлчүлүк кеңешинин**
**отурумунун**
**№3-ПРОТОКОЛУ**

***Ош шаары*** ***7-сентябрь, 2019-жыл***

Төрага: А.Асанов
Катчы: А.Тентимишова

**КҮН ТАРТИБИ:**

1. Университеттин 25 жылдык маарекесин өткөрүү тууралуу;

   */Райымбаев Ч.К. – ректор/*

2. Институционалдык аккредитациядан өтүү үчүн даярдалган университеттин өзүн-өзү баалоо боюнча отчетун угуу жана талкуулоо;

   */Исаков Т.Э. – ОИ б-ча проректор/*

3. Университеттин материалдык-техникалык базасын чыңдоо жана китеп фондун жаңылоо боюнча сатып алуулардын планы менен таанышуу;

   */Райымбаев Ч.К. – ректор/*

4. Университеттин негизги билим берүү программалары менен таанышуу жана сунуштарды берүү;

   */Тентимишова А.К. – АББСДнын директору/*

**Катышышты:**

1. Асанов А.Р.
2. Аттокуров У. Т.
3. Досбаев Т.Ж.
4. Каримов Д. А.
5. Мамасалиева Г.Э.
6. Маматов М.А.
7. Махмудов А.
8. Осмонов А.А.
9. Сыдыков А.М.
10. Тентимишова А.К.

**БИРИНЧИ маселе боюнча** **У Г У Л Д У:**

**Райымбаев Ч.К. (ректор):** Көзөмөлчүлүк кеңешинин урматтуу мүчөлөрү, быйыл октябрь айында университетибиздин 25 жылдык маарекесин өткөрүүнүн алдында турабыз. Маарекенин алкагында бир нече иш-чараларды пландаштырганбыз, аны уюштуруу боюнча жумушчу топ да түзүлгөн. Сиздерди 25 жылдык маарекени өткөрүүнүн планы менен тааныштырып өтсөм.

(План тиркелет)

**ЧЕЧИМ:**

1. Ч.К.Райымбаевдин университеттин 25 жылдык маарекесин өткөрүү тууралуу маалыматы эске алынсын;

**ЭКИНЧИ маселе боюнча** **У Г У Л Д У:**

**Исаков Т.Э. (ОИ б-ча проректор):** 2019-жылдын октябрь айынын акырында университетти институтционалдык аккредитациядан өткөрүү үчүн НААР эл аралык агенттигинин эксперттик комиссиясынын келүүсү күтүлүүдө. Аккредитациянын тартибине ылайык, биз 2018-жылы ректордун буйругу менен өздүк баалоону жүргүзүү жана анын отчетун жазуу боюнча жумушчу топ түзгөнбүз. Жумушчу топ өз ишин

жүргүзүп, жыйынтык отчетту даярдады. Отчет жалпы 14 бөлүктөн турат, киришүү, 12 стандарт боюнча маалымат жана жыйынтык. Ар бир стандарт боюнча комиссиянын корутундусу төмөндөгүдөй болду.

**(Маалымат тиркелет)**

**ЧЕЧИМ:**

1. Кыргыз-Өзбек университетинин ОИ боюнча проректору Т.Э.Исаковдун маалыматы эске алынсын;
2. Институционалдык аккредитациядан өтүү үчүн даярдалган университеттин өзүн-өзү баалоо боюнча отчету жактырылсын.

**ҮЧҮНЧҮ маселе боюнча У Г У Л Д У:**

**Райымбаев Ч.К. (ректор)** университеттин материалдык-техникалык базасын чыңдоо жана китеп фондун жаңылоо боюнча сатып алуулардын планы менен тааныштырды. Сатып алуулардын планы структуралык түзүмдөрдүн муктаждыктарына ылайык даярдалган өтүнүч каттардын негизинде түзүлүп, Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 3-апрелиндеги №72 «Мамлекеттик сатып алуулар тууралуу» Мыйзамына ылайык тендер жарыялоо жолу менен сатылып алынат.

**Маалымат тиркелет)**

**СУРООЛОР:**

1. Ч.К.Райымбаевдин маалыматы эске алынсын;
2. Университеттин материалдык-техникалык базасын чыңдоо жана китеп фондун жаңылоо боюнча сатып алуулардын планы жактырылсын.

**ТӨРТҮНЧҮ маселе боюнча У Г У Л Д У:**

**Тентимишова А.К. (АББСДнын директору):** Учурда университетте жогорку кесиптик билим берүүнүн 22, орто кесиптик билим берүүнүн 23 жана баштапкы кесиптик билим берүүнүн 4 программасы боюнча адистер даярдалууда. Алардын ар бири боюнча Негизги билим берүү программалары иштелип чыгып, тиешелүү тараптар менен талкуудан өткөндөн кийин Окумуштуулар кеңешинин чечими менен бекитилген. НББПларды иштеп чыгууда жумуш берүүчүлөр, бүтүрүүчүлөр, студенттер жана окутуучулар менен бир нече отурумдар өткөрүлүп, алардын берген далилдүү сунуштары камтылды. Жыйынтыгында бир нече тандоо сабактары киргизилди жана айрым сабактардын ички мазмуну өзгөртүлдү. Даярдалган НББПлар ички жана тышкы экспертизадан өткөрүлдү.

**ЧЕЧИМ:**

1. Университеттин 2019-20-окуу жылына даярдалган негизги билим берүү программалары жактырылсын.

**Төрага** **Асанов А.Р.**

**Катчы** **Тентимишова А.К.**